Yüksek Lisans Tezi Tezi Hazırlayan Akmöör KOCOŞOVA Anabilim Dalı Matematik 2015

KIRGIZİSTAN - TÜRKİYE
"MANAS" ÜNİVERSİTESİ

KIRGIZİSTAN TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ
FEN BİLİMLERİ ENSTİTÜSÜ
MATEMATİK ANABİLİM DALI

DOĞRUSAL OLMAYAN PARABOLİK DİFFERENSİYEL DENKLEMLERİN ASİMPTOTİĞİ

Hazırlayan
Akmöör KOCOŞOVA

Danışman
Prof. Dr. Asan ÖMÜRALİYEV

Yüksek Lisans Tezi

Haziran 2015
KIRGIZİSTAN/BİŞKEK

КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ
ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ
МАТЕМАТИКА БАГЫТЫ

СЫЗЫКТУУ ЭМЕС ПАРАБОЛА ТИБИНДЕГИ ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ТЕҢДЕМЕЛЕРДИН АСИМПТОТИКАСЫ

Даярдаган
Кожошова Акмөөр

Жетекчиси
ф. м. и. докт., профессор Асан Өмүралиев

Магистирдик диссертация

Июнь 2015
КЫРГЫЗСТАН/ БИШКЕК

BİLİMSEL ETİĞE UYGUNLUK

Bu çalışmadaki tüm bilgilerin, akademik ve etik kurallara uygun bir şekilde elde edildiğini beyan ederim. Aynı zamanda bu kural ve davranışların gerektirdiği gibi, bu çalışmanın özünde olmayan tüm materyal ve sonuçları tam olarak aktardığımı ve referans gösterdiğimi belirtirim.

Adı Soyadı: Akmöör KOCOŞOVA

İmza :

ПЛАГИАТ ЖАСАЛБАГАНДЫГЫ ТУУРАЛУУ БИЛДИРҮҮ

Мен бул эмгекте алынган бардык маалыматтарды академиялык жана этикалык эрежелерге ылайык колдондум. Тагыраак айтканда, бул эмгекте колдонулган, бирок мага тиешелүү болбогон маалыматтардын бардыгын тиркемеде так көрсөттүм жана эч кайсы жерден плагиат жасалбагандыгына ынандырып кетким келет.

Аты-жөнү: Акмөөр Кожошова

Колу:

YÖNERGEYE UYGUNLUK

"Doğrusal olmayan parabolık differensiyel denklemlerin asimptotiği" adlı Yüksek Lisans Tezi, Kırgızistan Türkiye Manas Üniversitesi Lisansüstü Tez Önerisi ve Tez Yazma Yönergesi'ne uygun olarak hazırlanmıştır.

Tezi Hazırlayan	Danışman
Akmöör KOCOŞOVA	Prof.Dr. Asan ÖMÜRALİYEV
İmza:	İmza:

Matematik ABD Başkanı

Prof. Dr. Avıt Asanov

İmza:

Prof. Dr. Asan ÖMÜRALİYEV danışmanlığında Akmöör KOCOŞOVA tarafından hazırlanan "Doğrusal olmayan parabolık differensiyel denklemlerin asimptotiği" adlı bu çalışma, jürimiz tarafından Kırgızistan Türkiye Manas Üniversitesi Fen Bilimleri Enstitüsü Matematik Anabilim Dalında Yüksek Lisans tezi olarak kabul edilmiştir.

……….. /…… / ………..

JÜRİ:

Danışman	: Prof. Dr. Asan ÖMÜRALİYEV	…………….
Üye	:……………………………….	…………….
Üye	:……………………………….	…………….
Üye	:……………………………….	…………….
Üye	:……………………………….	…………….

ONAY :
Bu tezin kabulü Enstitü Yönetim Kurulunun ………..…. tarih ve …………..…… sayılı kararı ile onaylanmıştır.

………. /……../ ………

Prof. Dr. Zafer GÖNÜLALAN

Enstitü Müdürü

Ф. м. и. докт., профессор Асан Өмүралиевдин жетекчилигинде Кожошова Акмөөр тарабынан даярдалган “Сызыктуу эмес парабола тибиндеги дифференциал теңдемелердин асиптотикасы” темасындагы магистрдик иш коммисия тарабынан Кыргыз-Түрк Манас университети Табигый илимдер институту Математика багытында магистдик иш болуп кабыл алынды.

……….. /…… / ………..

Коммисия:

Илимий жетекчи	: Ф. м. и. докт., профессор Асан Өмүралиев	…………….
Төрагасы	:………………………………	…………….
Мүчө	:………………………………	…………….
Мүчө	:………………………………	…………….

Чечим :

Бул магистрдик иштин кабыл алынышы Институт башкаруу кеңешинин ………...… датасында жана ……….……… санындагы чечими менен бекитилди.

………. /……../ ………

Проф. Док. Зафер Гөнүлалан

Институт Мүдүрү

АЛГАЧ СӨЗ / ЫРААЗЫЧЫЛЫК

Магистирдик ишти даярдоодо мени туура багыттаган, жардамын жана ой-пикирлерин аябаган, дээге эле билим алуумда салымы чоң, агайым жана илимий жетекчим ф.-м. и. докт., профессор Асан Өмүралиев агайга терең ыраазычылыгымды билдирем.

Акмөөр Кожошова

Бишкек, Кулжа айы 2015

СЫЗЫКТУУ ЭМЕС ПАРАБОЛА ТИБИНДЕГИ ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ТЕҢДЕМЕЛЕРДИН АСИМПТОТИКАСЫ

Кожошова Акмөөр Жыргалбековна

Кыргыз-Түрк "Манас" Университети, Табигый илимдер институту

Магистрдик диссертация, кулжа айы 2015

Илимий жетекчи: ф.-м. и. докт., профессор Асан Өмүралиев

Кыскача мазмуну

Бул магистирдик диссертацияда, сызыктуу эмес парабола тибиндеги дифференциалдык теңдемелердин асиптотикалык чыгарылышы каралган. Мындай маселелерде, жекече туундулардын астында кичине параметр болгон учурда, асиптотикалык чыгарылышын аныктоо татаалдашат. Маселени регуляризациялоо үчүн атайын өзгөрмөлөр тандалып алынып, берилген маселени кеңейтилген түргө өткөрүп изилдейбиз. Мындай кошумча өзгөрмөлөрдү киргизүү менен катар атайын функция тандалып алынган.

Бул иш 3 бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмдө адабияттарды изилдөө, экинчи бөлүмдө дүүлүккөндүк, регулярдуу жана сингулярдуу дүүлүккөндүк жөнүндө кыскача теория берилди. Ал эми үчүнчү бөлүмдө маселенин коюлушу, аны регулярлоо жана итераттык маселелерди чыгаруу аркылуу сингулярдуу дүүлүккөн маселенин чыгарылышынын асимптотикасы тургузулду жана калдык мүчөнүн баалоосу жүргүзүлдү.

Иштин мазмуну 35 бет, 31 формула жана 78 колдонулган адабият булактарын өзүнө камтыйт.

Ачкыч сөздөр: Парабола тибиндеги дифференциалдык теңдемелер, дүүлүккөндүк, регулярлоо, асиптотика.

DOĞRUSAL OLMAYAN PARABOLİK DİFFERENSİYEL DENKLEMLERİN ASİMPTOTİĞİ.

Akmöör Zh. Kocoşova

Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi, Fen Bilimleri Enstitüsü

Yüksek Lisans Tezi, Haziran 2015

Danışman: Prof. Dr. Asan ÖMÜRALİYEV

Geniş Özet

Bu çalışmada; doğrusal olmayan parabolik differensiyel denklemlerin asimptotik çözümleri incelenmiştir. Doğrusal olmayan parabolik denklemlerdeki kısmi türevlerin ön tarafında küçük parametre olduğu zaman asimptotigini incelemek daha farklıdır. Böyle problemleri düzenlileştirmek için özel bir değişkenleri seçmek zorundayız. Onunla beraber özel bir fonksiyon seçilmiştir ve çözümünü bulmak için bir ayrışma yapılmıştır.

Bu yüksek lisans tezi 3 bölümden oluşmaktadır.

Birinci bölümde; problemle ilgili çalışmaya başlamadan önce, konu ile ilgili makaleler ve bulgular incelenmiştir. Bu inceleme sırasında konu hakkında önceden yapılmış bir çalışma olup olmadığını belirleyerek, diğer araştırma sonuçlarını incelenmiş konu hakkında bilgiler artırılmıştır ve rapor aşamasında diğer araştırmalara atıf yapma imkanı bulunmuştur. Kısaca, konuyla ilgili literatür taranmıştır ve genel bilgiler verilmiştir.

Ikinci bölümde ise; tedirğinlik, bireysel tedirginlik, regülerize yöntemi hakkında genel teori verilmiştir. Fizik, astrofizik, kimya, biyoloji, sosyoloji, teknoloji ana bilim dallarında, birçok süreçlerin matematiksel modelleri, genellikle çeşitli ayarları içeren diferansiyel denklemlerle anlatılmaktadır. Eğer faktör önemli değilse parametre küçüktür. Denklemde küçük parametre olduğu zaman, parametreyi sıfra eşitleyerek basit bir problem ortaya geliyor. Böyle problemler verilen problemlere göre tedirgin olmayan

veya dejenere problemler olarak adlandırılır. Bu problemlerin çözümü tedirgin olmayan problemlerin çözümünün arasında bir fark olmadığı zaman problem düzenli tedirgin olarak isimlendirilir.

Bununla birlikte, küçük parametre sıfıra yakınlaştığı zaman, dejenere denklemin çözeltisine bir yakınlık sağlamayan çok önemli bir sorun vardır. Bu tür problemlere tek başına tedirgin denir.

Tekil tedirgin problemlerin sınıfına, yüksek türevli olan küçük bir parametreyi içeren diferansiyel denklemler aittir.

Dejenere problemlerine geçişte bu tür denklemlerin düzeyi indirgenir, bu nedenle dejenere denklemin çözümü, orijinal denklemi için belirtilen tüm ek koşullar yerine getiremiyor ve ek koşulların bazıları terk edilmelidir.

Bu alanda Rus bilim adamı A.N. Tihonov, kendisinin bir çok çalışmalarında incelemiştir [51-53]. Bu çalışmalarda denklemin bir parçası yüksek derecede türevi içeren, doğrusal olmayan kısmi türevli differansiyel denklemler sistemlerine ayrılmıştır. Böyle sistemler çözümleri "hızlı'' ve "yavaş" bileşenlere sahiptir (bu sistemlere artık Tihonov'un sistemleri denir). Bu tür sistemler için genellikle kullanılan klasik algoritmalar gücünü kaybetmekte ve çözümlerini bulmak için asimptotik yöntemler kullanılmaktadır. Numerik integraller yöntemi ve asimptotik integraller yöntemi, differansiyel denklemleri hesaplarken işlemleri hem azaltır hem de çok iyi bir algoritma olarak sayılır.

Tekil tedirgin problemleri ilk 1904. yılı Prandtl L. sınır tabakasıyla ilgili kendi çalışmasında anlatmıştır [2]. Aynı zamanda bu konuda 1948-1952.yy. Tihonov makale olarak yayınlanmıştır. yayınlanmış makalelerinde [3]. A.M. Lyapunov tarafından yapılan sabitlik teorisi İ.S. Gradshtein'in tekil tedirgin problemlerle ilgili çalışmalarında kullanılıyordur [4,5]. 1950.y. bu teorinin gelişmesini N.M. Krılov'un, N. N. Bogolyubov'un ve diğer bilim adamları tarafından kullanılan ortalama yöntemi, L.S. Pontryagin, E.F. Mishenko, H.X. Rozov v.b. gevşeme salınımları teorisinin asimptotik yöntemleri. S. A. Lomov'un ve digerlerin regulerize yöntemleri, L. Prandtl, M.I.Vishik, L.A. Lusternik, A. B. Vasilieva'nın sınır şartları yöntemi S. Kaplun, M. Van-Daık, A.M. İlin'in asimptotik dağıtım yöntemi, İmanaliev M. İ., Butuzov V. F., A. K. Kasımov sağlayan ve şimdiye kadar temel yöntem olarak hizmet etmektedir [6-16].

Üçüncü bölümde ise; doğrusal olmayan parabolik differensiyel denklemlerin asimptotik çözümleri incelenmiştir. İncelemek için aşağıdaki gibi denklem kullanılmıştır

$$L_\varepsilon \equiv \partial_t u - \varepsilon^2 a(x)\partial_x^2 u - u^2(x,t,\varepsilon) = 0, \qquad (x,t) \in \Omega$$

$$u|_{t=0} = h(x), \quad u|_{x=0} = 0,$$

Bu tür problemlerin çözümlerini incelemek için özel değişkenliler seçilmiştir.

$$\tau = \frac{t}{\varepsilon}, \qquad \xi = \frac{\varphi(x)}{\sqrt{\varepsilon^3}}, \qquad \varphi(x) = \int_0^x \frac{ds}{\sqrt{a(s)}}$$

Onunla beraber özel bir fonksiyon seçilmiştir ve çözümünü bulmak için bir ayrışma yapılmıştır ve tezin sonunda bulunan çözümün asimptotiği, konulan problemin asimptotiği olduğu gösterilmiştir.

Çalışma 35 sayfa, 31 formül ve 78 yararlanılmış kaynaklardan oluşmaktadır.

Anahtar kelimeler: Parabolik differensiyel denklemler, tedirğinlik, düzenlileştirme, asimptotikler.

АСИМПТОТИКА РЕШЕНИЯ СИНГУЛЯРНО ВОЗМУЩЕННОГО ПАРАБОЛИЧЕСКОГО УРАВНЕНИЯ С КВАДРАТИЧНОЙ НЕЛИНЕЙНОСТЬЮ

Кожошова Акмоор Жыргалбековна

Кыргызско-Турецкий университет “Манас”, Институт Естественных наук

Магистерская диссертация, Июнь 2015

Научный руководитель: д. ф.-м. н., профессор Асан Омуралиев

Аннотация

Тема данной магистерской диссертации – «Асимптотика решения сингулярно возмущенного параболического уравнения с квадратичной нелинейностью» - в рамках которой была рассмотрена сингулярно возмущенное уравнение.

В данной работе строится асимптотика решения сингулярно возмущенного дифференциального уравнения параболического типа, содержащего квадратичную нелинейность. С позиции метода регуляризации для сингулярно возмущенных задач, впервые изучается нелинейное, сингулярно возмущенное уравнение.

Диссертация состоит из трех глав. Первая глава посвящена анализу литературы и нормативных источников, во второй главе дается определение асимптотическому методу и регуляризацию, описывается возмущенность, регулярное и сунгулярное возмущение. А так же в специальном отделе с позиции метода регуляризации и с вычислением итерационных задач строится асимптотика сингулярно возмущенных задач с квадратичной нелинейностью. В конце дипломной работы показана оценка остаточного члена.

Работа содержит 35 страниц пояснительной записки, 31 формул, 78 использованных источников.

Ключевые слова: Сингулярно возмущенная параболическая задача, асимптотика, метод регуляризации.

THE ASYMPTOTIC BEHAVIOR OF THE NONLINEAR DIFFERENTIAL EQUATION OF PARABOLIC TYPE.

Kozhoshova Akmoor Zhirgalbekobna

Kyrgyzstan-Turkey Manas University, Institute of Natural and Applied Sciences

M. Sc. Thesis, June 2015

Supervisor: Prof. Dr. Asan OMURALIEV

Abstract

The theme of this thesis is "*The asymptotic solution of a singularly perturbed parabolic equation with quadratic nonlinearity*" - in the frame of which we consider a singularly perturbed equation.

In this thesis we construct an asymptotic solution of singularly perturbed differential equation of parabolic type containing quadratic nonlinearity. From the position of the regularization method of singularly perturbed problems the nonlinear singularly perturbed equation is being studied for the first time in this thesis.

The thesis consists of three chapters. The first chapter is dedicated to the analysis of the literature and the regulatory sources, the second chapter describes the regular and singular perturbation and defines the asymptotic and regularization. And as a special section from the position of the regularization method and calculation of iterative tasks we construct the asymptotic of singularly perturbed problems with quadratic nonlinearity. The estimate of the remainder is shown at the end of the thesis.

The work contains 35 pages of explanatory notes, 31 formulas and 78 used sources.

Keywords: singularly perturbed parabolic problem, asymptotic behavior, regularization method.

МАЗМУНУ

СЫЗЫКТУУ ЭМЕС ПАРАБОЛА ТИБИНДЕГИ ДИФФЕРЕНЦИАЛ ТЕҢДЕМЕЛЕРДИН АСИПТОТИКАСЫ.

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

КЫСКАРТУУЛАР ЖАНА СИМВОЛДОР

$\varepsilon \to 0$ – кичине параметр

$\Omega = \{(x, t): x \in (0, \infty), t \in (0, T]\}$

$\partial_t = \frac{\partial}{\partial t}$

$$\partial_x = \frac{\partial}{\partial x}$$

$\partial_x^2 = \frac{\partial^2}{\partial x^2}$

$$\tilde{u}(M, \varepsilon) = \sum_{i=0}^{\infty} \left(\sqrt{\varepsilon}\right)^i u_i(M)$$

$$erfc(x) = \frac{2}{\sqrt{\pi}} \int_x^{\infty} \exp(-s^2)\, ds.$$

Киришүү

Физикада, астрофизикада, химия, биология, социология, техникалык процесстерде математикалык модел катары көп учурда ар түрдүү параметрлерди камтыган дифференциалдык теңдемелер колдонулат. Теңдемеде колдонулган параметрлер, изилденип жаткан процесстерге таасир көрсөтүүчү факторлордун сандык мүнөздөмөсү катары кызмат кылат. Эгерде ал фактор анча маанилүү эмес болсо, анда параметр кичине болот. Бул учурда кичине параметрди нөлгө барабарлоо менен жөнөкөй маселе алынат. Мындай маселелер берилген маселелерге карата дүүлүкпөгөн же туюндурулган маселе деп аталат. Аталган маселелердин чыгарылышы дүүлүкпөгөн маселенин чыгарылышынан анча айырмаланбаган учурда маселе регулярдуу деп аталат [1].

Ошондой эле кичине параметр нөлгө жакындаган учурда башкача айтканда берилген туюндурулган маселеге бир калыпта жакындоону камсыздоочу маселелер бар. Мындай теңдемелер сингулярдуу дүүлүккөн теңдемелер деп аталат. Сингулярдуу дүүлүккөн теңдемелер менен баяндалган процесстерге, катаал маселерге алып келүүчү тез жана жай түзүлүүчүлөрдү камтыган, бир калыпта болбогон өтмөлөр тийиштүү. Катаал системалар үчүн колдонулуп келген классикалык алгоритмдер өздөрүнүн эффективдүүлүгүн жоготот. Мындай учурларда каралып жаткан маселенин дифференциалдык теңдемелерди асимптотикалык интегралдоо методдорунун негизинде анализ жүргүзүү керек. Сандык интегралдоо методдору жана асимптотикалык интегралдоо методдору, дифференциалдык теңдемелердин жакындаштырылган чыгарылыштарын эсептөө процессин азайтып жана эң ыңгайлуу алгоритмди иштеп чыгууга жардам берет.

Синдулярдуу дүүлүккөн маселелерди изилдөөнү биринчилерден болуп 1904-ж. Л. Прандтлдын докладында, чекттик катмар түшүнүгү менен бирге баяндалган [2]. Ал эми 1948-1952-жж.. жарыяланган А.Н. Тихоновдун макалалары математикалык теорияда жаңы терең өнүгүүнү тастыктаган [3]. А. Н. Тихоновдун эмгегинде сызыктуу эмес жөнөкөй дифференциалдык теңдемелер системасынын бир бөлүгү жогорку даражадагы туундуга ээ болгон, кичине параметрлүү теңдемеге арналган.

А.М. Ляпунов тарабынан түзүлгөн туруктуулук теориясы [4] И.С. Градштейн тарабынан дал ушул сингулярдуу маселелерде колдонулган [5]. 1950-жылдары бул теориянын өнүгүүсүнө Н. М. Крылов, Н. Н. Боголюбов ж.б. ортолотуу методу[6], Л. С. Понтрягин, Е. Ф. Мищенко, Н. Х. Розов ж.башкалардын релакциалык термелүү теориясынын асимптотикалык методдору[7], С. А. Ломов ж.б. регуляризация методу[8], Л. Прандтль, М. И. Вишик, Л. А. Люстерник, А. Б. Васильева ж.б. четтик функция методу[2, 9,10], С. Каплун, М. Ван-Дайк, А. М. Ильин ж.б. асиптотикалык таратууну макулдаштыруу методу[11-13], Иманалиев М. И., Бутузов В. Ф., Касымов К. А. ж.б. окмуштуулар өз салымдарын кошушкан жана негизги багыт катары кызмат кылган[14-16].

Аталган окумуштуулар жана алардын окуучулары тарабынан сингулярдуу дүүлүккөн теңдемелерди чыгаруунун ар түрдүү асимптотикалык методдорун иштеп чыгышкан жана бүгүнкү күнгө чейин асимптотикалык метод кадимки дифференциалдык жана кээ бир айрым туундулуу теңдемелер үчүн иштелип келген.

Бул иште параболалык типтеги айрым туундулуу сингулярдуу дүүлүккөн дифференциалдык теңдеме, квадраттык сызыктуу эместикти камтыган учур каралып, анын чыгарылышы регулярлоо методунун жардамы менен чыгарылат.

Иштин максаты: Квадраттык сызыктуу эместикти камтыган сингулярдуу дүүлүккөн парабола тибиндеги дифференциалдык теңдеменин чыгарылышынын асимптотикасы тургузуу жана каталыгын баалоо;

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

1.1 Адабияттарды изилдөө.

Сингулярдуу дүүлүккөн маселелерди изилдөө Лиувиллдин [17] эмгектеринен башталган. Ал өз эмгектеринде, Экинчи тартиптеги кадимки дифференциалдык теңдемени, параметири чексизге умтулган учурунда жакындаштырылган чыгарылышты изилдеген. Ошондой эле 1899-жылы Ж. У. Хорн [18] дал ушул маселенин асиптотикалык чыгарылышын тургузууну караган.

1904-жылы Прандтль [2] Навье-Стокстун четтик катмар концепциясын камтыган сингулярдуу дүүлүккөн системасын изилдесе[19], ал эми 1907-жылы Шлезингер [20], 1908-жылы Биркгоф [21] каалаган тартиптеги сингулярдуу дүүлүккөн кадимки дифференциалдык теңдеменин чыгарылышын изилдөөдөгү математикалык маселени чыгарышкан. Бул маселенин жалпы коюлушун 1934-жылы Тржидзинский чыгарган [22-23].

Сызыктуу эмес дүүлүккөн сингулярдуу маселеллерди чыгаруу азыркы убакта жакшы жетишкендиктерге ээ. Бул ийгиликтерге жетишкендиктер үчүн А. Н. Тихоновдун[3] жана Вазовдун В. [24] иштеринин мааниси өтө чоң.

1948-ж. А. Н. Тихоновдун эмгектеринде пределдик өтүү менен сызыктуу дүүлүккөн системаларды чыгаруу каралган. А. Н. Тихоновдун бул иштери жалпы математиктерди сингулядрдуу дүүлүккөн маселелерди кароосуна түрткү болгон. Кийин А. Н. Тихоновдун окуучусу А. Б. Васильева дүүлүккөн маселенин чыгарылышы, экспоненциалдык ылдамдыктын чыгарылышына умтулган учурдагы сызыктуу эмес сингулярдуу дүүлүккөн системалар үчүн асиптотикалык интегралдоо теориясын иштеп чыккан [10]. Бул метод алардын эмгектеринде баяндалган. Ал эми А. Н. Тихоновдун жетекчилиги астында жазылган В. М. Волосовдун сингулярдуу дүүлүккөн маселеси, термелүү бар учурда каралган. В. М. Волосов тарабынан белгилүү ортолотуп табуу методу жалпыланган [25].

Сызыктуу эмес парабола тибиндеги дифференциалдык тендемелердин асимптотикасы С. А. Ломов тарабынан изилденген [8]. Анын эмегектеринде сызыктуу эмес дифференциалдык тендемелер регуляризациялоо методу менен изилденген. Бул иште термелүү болгон учурда жана болбогон учурлар каралган жана кеңейтилген функциясы *exp* түрүндө изилденген.

А. Н. Тихоновдун пределдик өтүү жөнүндөгү теоремасында колдонулган идеяга таянуу менен Васильева А.Б. жана Иманалиев М. И. четтик функциялар методун иштеп чыгышкан [10-26]. Аталган окумуштуулар жана алардын окуучулары тарабынан бул метод ар тараптуу өнүктүрүлгөн [24-27, 29]. Изилденген методдун кадимки дифференциалдык жана айрым туундулуу теңдемелерге колдонулушу жогорку деңгээлде эффективдүү метод болгон.

Экспоненциалдык өзгөрүү мүнөздүү четтик катмар тибиндеги функцияларды камтыган сингулярдуу дүүлүккөн параболалык маселелердин асимптотикалык чыгарылышы тургузулган [30- 38] эмгектер.

[30-31]- иштери чыгарылыштын асимптотикалык көргөзүлүшүнө арналып, ал эми [32-33]- иштеринде четтик катмар тибиндеги асимптотика тургузулуп жана тургузулган чыгарылыштын асимптотикасы параболалык четтик катмар тибиндеги функцияны камтыйт.

Олуттуу маселелер жылмакай эмес областта каралып жаткан сингулярдуу дүүлүккөн маселелерди изилдөөдө ортого келип чыгат. Мындай учурда областтын аймагында бурчтук чекиттердин, кошумча четтик катмарлардын келип чыгышынын негизинде асимптотикалык анализ жүргүзүү кыйла оор. Вишик-Люстерник-Васильев-Иманалиевдердин методунун идеясынын негизинде Бутузов В. Ф. бурчтук четтик функциялар методун иштеп чыккан [15,39,42]. Бутузов В. Ф. методунун алгоритми жогоруда аталган кыйынчылыктарды жылмакай эмес чектүү маселелердин кеңири классы үчүн жокко чыгарат. Сингулярдуу дүүлүккөн параболалык маселелердин мезгилдүү чыгарылышынын асимптотикасын тургузуу үчүн Васильев А. Б. жана анын окуучуларынын иштери арналган [40-41].

Жогоруда аталган методдор, демейде сингулярдуу дүүлүккөн тендемелердин белгилүү гана классына колдонулат. Методдун каралып жаткан шарттарына жараша бул класс чектик системанын негизинде бөлүнүп алынат. Мисалы: Вишик-Люстерник-Васильев-Иманалиевдердин методу экспоненциалдык четтик катмарлуу маселелерде колдонулат. Маселеге жооп берген чектер пределдик оператордун спектринин ачык жарым тегиздикте жайгашуусунун шарттарына карата болот. Бул чектер термелүү процесстерин баяндаган сингулярдуу дүүлүккөн маселелердин кеңири жана маанилүү классын кароону чектейт. Термелүү тибиндеги маселелерге демейде Крылов-Боголюбов-Митропольскийдин ортолоштуруу методу колдонулуп келе жатат[43]. Жогоруда аталган методдордун ар биринин максаты жакындаштырылган чыгарылышты табуу болгонуна карабастан, мындай методдор так чыгарылышты алуу үчүн кандай шарттар керек экендигин изилдебейт. Ар бир методдун максаты

$$\left\| y\,(t,\epsilon) - y_{\epsilon,N}(t) \right\| < c\epsilon^{N+1}, (0.0)$$

баалоосун канааттандырган $y_{\epsilon,N}(t)$ жакындаштырылган чыгарылышынын асимптотикалык аппроксимациясын түзүү болуп эсептелинет. Бул жерде $y\,(t,\epsilon)$ − сингулярдуу дүүлүккөн маселенин так чыгарылышы ($y\,(t,\epsilon)$ −так чыгарылыш тургузулбайт, жөн гана анын жашашы далилденет). Демейде (0.0)-дагы c турактуусу аппроксимациянын тартиби Nден көз каранды. c турактуусу Nдин өсүшү менен бирге өсүшү мүмкүн, ошондуктан жакындаштырылган чыгарылыш $y_{\epsilon,N}(t)$, N чексизге умтулганда так чыгарылышка умтулбайт. Жогоруда аталган методдордо $N \to +\infty$ учурда $y_{\epsilon,N}(t) \to\ y\,(t,\epsilon)$ каралган эмес[44].

1960-жылдарда сингулярдуу дүүлүккөндөрдүн теориясында Ломовдун регуляризациялоо методу өнүүгө баштаган [8]. Аталган методдун максаты сингулярдуу дүүлүккөн маселердин спектиринин жайгашуусуна карабастан бардык түрүнө колдонуу болгон. Методдун негизинде сингулярдуу дүүлүккөн маселерге өзгөрмө операторлордун спектрдык теориясы жана асимптотикалык катар түшүнүгү жатат.

Сингулярдуу дүүлүккөн маселер үчүн регулярлоо методу [45-48] иштеринде оператордук жана абстракттык, гильберт мейкиндигиндеги теңдемелер үчүн баяндалган.

Өзгөчө кызыкчылык жараткан маселелердин бири стабилдүү эмес спектрлүү маселелер. A(t) спектиринин чекиттери t маанилеринде ар кандай өзгөчөлүктөргө ээ болгон учуру. Мисалы: Спектирдин ар башка чекиттери кесилишкен учуру же болбосо нөлгө айланган учуру. Стабилдүү эмес спектрлүү маселелер көптөгөн авторлор тарабынан ар тараптуу изилденген [49]. Регулярлоо методу менен кадимки дифференциалдык тендемелер изилденген [50-54].

Стабилдүү спектр шарттарында сызыктуу эмес кадимки дифференциалдык теңдемелердин системасы үчүн регулярлоо методу биринчи жолу Сафонов В. Ф. тарабынан иштелип чыккан [55,56]. Кийинки иштеринде [57-61] аталган методду өнүктүргөн. Регулярлоо методунун интегралдык жана интегро-дифференциалдык теңдемелерге жалпылаштыруу [62-66] иштеринде аткарылган.

Буга чейин регулярлоо методунун позициясында сингулярдуу дүүлүккөн параболалык маселелер [8] жана башка иштерде каралган. Аталган иштерде ε кичине параметри убактылуу туундунун алдында турат жана $\varepsilon \to 0$ элипптикалык дифференциалдык оператордун спектри бар. Ломовдун методу ар түрдүү сингулярдуу дүүлүккөн параболалык маселелерге кичине параметр көбөйтүүчү катары убакыт боюнча туундусуна кирген учурларына жалпыланган [67-70]. Мындай жалпылоо пределдик оператордун спектри боюнча аткарылат. Бирок теориялык жана практикалык жактан сингулярдуу дүүлүккөн маселелердин спектри болбогон учуру кызыкчылыктарды жаратат. Ломов С. А. өзүнүн [8] монографиясында сингулярдуу дүүлүккөн параболалык маселесинин пределдик операторунун спектри болбогон учурунда регулярланган асимптотикалык чыгарылышын тургузуу маселесин ортого койгон. Ломов С. А. тарабынан коюлган экинчи маселе бурчтук чекиттери бар болгон областта параболалык типтеги кичине параметрлүү айрым туундулуу дифференциалдык теңдеме үчүн биринчи четтик маселенин чыгарылышынын регулярланган асимптотикасын тургузуу болгон.

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

2.1 Дүүлүккөндүк

Кичине параметрдин даражасына карата түзүлгөн катар дүүлүккөн теңдеменин чыгарылышына жыйналса дүүлүккөндөр теориясынын катары деп аталат. Дүүлүккөндүк теориясы – кичине параметр боюнча ажыратууга негизделген маселени чыгаруу методу. Бул метод дүүлүкпөгөн маселелердин чыгарылышы нөлдүк кичине параметрге дал келген менен катар эле $\varepsilon \neq 0$ болгон дүүлүккөн маселелрдин катарын, итераттык чыгарылышын изилдейт[71].

Дүүлүккөндүк теориясынын негизги максаты, параметрди камтыган кадимки дифференциалдык теңдемелердин асиптотикалык чыгарылышын тургузуу мүмкүнчүлүгүнүн болуусу. φ_1, φ_2. . . асимптотика мүчөлөрүн канааттандырган дифференуиалдык теңдемелер, шарт боюнча берилген теңдемелерге караганда алда канча жеңил, ал эми асимптотикалык ажыратуу касиети асимптотикалык катарлар көп учурда жыйналбастыгына карабастан, кичине параметр ε үчүн, чыгарылышты эффективдүү түрдө изилдейт [72].

Кээ бир чектелген маселелердин тобу гана, так чыгарылышка ээ, ошондуктан баардык маселеге кичине параметрди колдонуу менен, чыгарылыштын бир же бир нече мүчөлөрүн табуу үчүн жөнөкөйлөтүлгөн баяндамасын табуу колдонулат. Кичине параметр маселеде жок учурда, аны чыгаруу ыңгайлуу болуш үчүн атайын жасалма түрдө параметр кошулуп алынат. Татаал маселелрде, теңдемени биринчи жеңилдетип алып, анан гана мындай тривиалдык эмес жөнөкөйлөтүүдөн кийин гана кичине параметрди бөлүп аны колдонуу керек.

Дүүлүккөндүк, математикада, физикада, механикада, химия жана техникадагы маселелерди чыгарууда кеңири таралган. Мисалы, асман механикасы, кванттык механикадагы дүүлүккөндүк теориясы, классикалык механикадагы кыймылдын туруктуулук маселеси, кванттык талаа теориясындагы дүүлүккөндүк ж.б.

Бул терминдин физикалык аталышы асман механикасынан келген. Дүүлүгүү теориясы бул областта эки-үч жүз жылдык убакыт боюу өнүгүп келип, жалпы эффективдүүлүгү менен кенен колдонулуп келет. Асман механикасында кичине параметр катары $\varepsilon = \frac{m_1}{m}$, m_1 планетасынын массасынын күндүн массасына болгон катышын көрсөтөт [73]. Асман алкактарынын кыймылын изилдөөдө бул теориянын жардамы менен чыгарылуучу эң жөнөкөй маселени карайлы. Баарыбызга белгилүү Планеталардын күндүн айланасындагы дүүлүкпөгөн кыймылы баарыбызга белгилүү (Кеплер маселеси же эки алкактын маселеси) Бирок, биринчи жакындоодо бул күчтөрдү $t = 0$ болгондогу оскулирленген элементтердин маанисине жооп берген орбитанын турактуу элементтери менен чыгарууга болот. Башка учурда дүүлүгү күчтөрдүн таасирин Кеплер законун канааттандырган, баштапкы кыймылдагы эллипстин күчтөрдүн таасири астында болот. Эгерде оскулирленген элемент орбитанын элементи катары тандалса, анда бул жакшы жакындатуу, себеби реалдуу кыймыл процессинде өзгөртүү бул анча чоң эмес (дүүлүгү күчүнө пропорционалдуу).

Кийинки кадамда, берилген дүүлүгү күчтөрү менен, орбитанын жаңы элементтерин табууга болот жана кайрадан дүүлүккөндүк күчтөрүнө койу менен улантылат. Натыйжада катар алынат. Аналитикалык түрдө төмөнкүдөй болот.

Алкактардын системасынын кыймылы, каноникалык түрдө төмөнкүдөй болот [74]:

$$\dot{q}_a = \frac{\partial H}{\partial p_a},$$

$$\dot{p}_a = -\frac{\partial H}{\partial q_a}, \qquad a=1,\ 2, \ldots, n \tag{2.1}$$

q_a, p_a – жалпыланган координат жана импульс

$$H = H_0(q, p) + H_1(q, p, t) \tag{2.2}$$

H_0 – дүүлүкпөгөн Гамильтон функциясы,

$p, q - q_a, p_a -$ лардын жыйындысы,

$H_1 -$ дүүлүккөндүк(башка планеталар менен болгон өз ара аракет),

Дүүлүкпөгөн маселени ($H_1 = 0$ болгондо) чыгаруу төмөнкүдөй болот:

$$\begin{aligned} q_a &= q_a(\alpha_j, \beta_j, t), \\ p_a &= p_a(\alpha_j, \beta_j, t), \end{aligned} \quad j = 1, \dots, n \tag{2.3}$$

$\alpha_j, \beta_j -$ эркин турактуулар.

Дүүлүккөндүктү эске алуу менен

α_j жана $\beta_j -$ убакыт функциясы болуп калат.

$$\dot{\alpha}_j = \frac{\partial H_j}{\partial \beta_j}, \qquad \dot{\beta}_j = -\frac{\partial H_j}{\partial \alpha_j}, \tag{2.4}$$

Жогорудагы маселеге форма берсе болот:

$$\dot{x}_k = \varepsilon f_k(x, \dots, x_{2n}; t) \tag{2.5}$$

$k = 1, \dots, 2n$

Мында, дүүлүккөндүктү камтыган ε кичине параметр көрсөтүлөт. Ыңгайлуу озгөртүп түзүүнү колдонуу менен баштапкы шартты нөлдүк кылып:

$$x_k(0) = \dot{x}_k(0) = 0$$

Чыгарылышты ε боюнча катар түрүндө издөө ыңгайлуу:

$$x_k(t) = x_k^{(0)} + \varepsilon x_k^{(1)} + \dots; \tag{2.6}$$

$$\dot{x}_k(t) = \dot{x}_k^{(0)} + \varepsilon \dot{x}_k^{(1)} + \dots;$$

(2.5), (2.6) маселелерден ε дун бирдей даражасындагы элементтерди теңдештирүү менен төмөнкүнү алабыз:

$$\dot{x}_j^{(1)} = f_j(0,0,\dots,0;t);\ x_j^{(1)} = \int_0^t \dot{x}_j^{(1)} dt; \tag{2.7}$$

$$\dot{x}_j^{(2)} = \sum_{k=1}^{2n} x_k^{(1)} \left(\frac{\partial}{\partial x_k} f_j(x_1, \dots, x_{2n}; t) \right)_{x=0};$$

$$x_j^{(2)} = \int_0^t \dot{x}_j^{(2)} dt$$

ж.б. у.с.

Бул мисалдардын негизинде дүүлүккөн процесстер дүүлүкбөгөн процесстердин анча маанилүү эмес өзгөрүшүнө алып келет, түшүнүгүн жаратышы мүмкүн. Бирок мындай түшүнүк регулярдуу дүүлүккөндөр үчүн гана туура.

Математикалык дүүлүккөндүк кичине же болбосо чоң параметрлердин жардамы менен баяндалат.

2.2 Сингулярдуу дүүлүккөндүк

Мейкиндик алкагында же процестердин системасында кыймылдын ылдамдыгын мүнөздөөчү физикалык объекттердин математикалык моделин тургузууда, көп учурда кичине параметрди камтыган маселелер алынат. Бул учурда, эгерде математикалык моделди жөнөкөйлөтүү менен, кичине параметрди нөлгө барабарлап, алынган маселени чыгарсак, анда баштапкы объекттин моделинин чыгарылышна жакын чыгарылышты алабызбы, суроосу келип чыгат.

Мейли, математикалык модел, каалагандай D аймагында өзгөрмөлөрдүн өзгөрүүсү, төмөнкү теңдеме менен баяндалсын:

$$L_\mu u = 0, \tag{2.8}$$

Мында L_μ-оператору μ-кичине параметринен көз каранды. Бул маселенин чыгарылышын u_μ менен белгилейбиз. μ-кичине параметрин нөлгө барабарлап (б.а. $\mu = 0$), туюндурулган теңдеме $L_0 u = 0$ алабыз, анын чыгарылышы u_0-менен белгиленет.

Маселе (2.8) регулярдуу дүүлүккөн деп аталат, эгерде туюндурулган теңдеме $L_0 u = 0$ нин чыгарылышы u_0 D аймагында u_μ чыгарылышы үчүн бир калыпта жакындайт. Тескери учурда (2.8) маселе сингулярдуу дүүлүкккөн маселе деп аталат.

Тихоновдун 1-теоремасында айтылган $\lim\limits_{\mu \to +0} y(x, \mu\,) = y_0(x)$ пределдик өтүүсү, $0 \le x \le$ H аралыгында мааниге ээ. Мында H-айрым турактуу, көрсөтүлгөн көптүктө, аталган пределдик өтүү $x \in [0, \mathrm{H}]$ карата бир калыпта болот. Демек, регулярдуу дүүлүгүү учурунда вырожденный теңдеменин чыгарылышы так чыгарылыш үчүн жакындатылган кесиндиде бир калыпта. Бирок, сингулярдуу дүүлүгүү учурунда мындай эмес, бул учурда вырожденный теңдеменин чыгарылышы так чыгарылышка таптакыр жакындабайт.

Жогорку туундулуу кичине параметрди камтыган теңдемелер системасын карайлы. Төмөнкү Коши маселеси үчүн $z(x,\mu)$ жана $y(x,\mu)$ функцияларын табуу керек.

$$\begin{cases} \mu \frac{dz}{dx} = F(z,y,x) \\ \frac{dy}{dx} = f(z,y,x) \end{cases} \tag{2.9}$$

$$z(0,\mu) = z^0, \qquad y(0,\mu) = y^0$$

Мында $\mu > 0$ кичине параметр.

Бул учурда теңдеменин оң жак бөлүгү $\frac{dz}{dx} = \frac{1}{\mu}F(z,y,x)$, регулярдуу дүүлүккөн эмес.Формалдуу түрдө $\mu = 0$ деп, (2.9) маселеден, дүүлүкпөгөн (вырожденный) система алабыз.

$$\begin{cases} 0 = F(z,y,x) \\ \frac{dy}{dx} = f(z,y,x) \end{cases} \tag{2.10}$$

Теңдемелер системасынын биринчи теңдемеси – z карата алгебралык б.а. дифференциалдык эмес. Ал чыныгы чыгарылышка ээ деп эсептейли - $z_i = \varphi_i(y,x)$, $i = 1,2,3,..,p$, б.а. $|z - \varphi_i(y,x)| \leq d$ –чегинде бул теңдеменин башка чыгарылышы жок.

Мейли $\bar{z} = \varphi(\bar{y},x)$ –(2.10) системанын тамырларынын бири болсун. $\overline{y(x)} \equiv y(x,0)$ белгилеп, төмөнкү туюндурулган теңдемесин алса болот.

$$\begin{aligned} &\frac{d\bar{y}}{dx} = f(\varphi(\bar{y},x),\bar{y},x) \\ &\bar{y}(0) = y^0 \end{aligned} \tag{2.11}$$

Тихоновдун теоремасы боюнча [75],

Мейли:

1) $F(z,y,x)$, $f(z,y,x)$, $F_z{}'$, F_y', f_z', f_y' – функциялары,
(z,y,x): $G = \bar{D}$xZ, (y,x) $\in \bar{D}$, $z \in Z$ кээ бир үч аймакта үзгүлтүксүз;

2) Функция $\varphi(y,x), \varphi_y' \in C(\bar{D})$;

3) (4) –теңдеменин чыгарылышы $y = \bar{y}(x)$ $0 \leq x \leq H$ сегментинде жашайт;

4) $\bar{D}$ б. а. $\left.\frac{\partial F}{\partial z}\right|_{z=\varphi(\bar{y},x)} < 0$ аймагында $\varphi(y,x)$ тамыры туруктуу;

